
# Суу алдында эмне бар?



Автор: Хэлоу Инглиш

Сүрөтчү: Ражив Айпе

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Суу алдында эмне бар?

Автор: Хэлоу Инглиш
Сүрөтчү: Ражив Айпе
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Dive!*, Copyright © 2016, Geeta Varma түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Суу алдында эмне бар?" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган,
автор Хэлоу Инглиш, сүрөтчү Ражив Айпе, Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/63607-let-s-see-what-s-under-the-sea

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom




Суу астында саякаттоо үчүн аба ырайы эң сонун болуп турат. Эжеси менен иниси кайыкка отуруп, деңизге сүзүп чыгышты. Алар суу астындагы бардык нерселерди көргөнгө кызыгышат.




Бир туугандар суу астында кийүүчү көз айнекти, кычкылтек баллонун, мүштөктүү түтүк, фотокамераны алышты. Бардыгы даяр. Эмесе, сууга чумкуй берсе болот!



Мына сага! Деңиз астында мынча көп жашоочулар бар экенин билбептирмин! Сегиз буттун жай сүзүп бараткандын карасаң!



Тегерете тирүү жандыктар! Бул чаар куртпалыкты карасаң. Ой, ал кичинекей балыкты жеп коё турган болду!




Муну карасаң! Укмуш! Бул рифте эс алып жаткан канаттуу балык.




Ай-ий! Түрдүү түстөгү балыктардын үйүрлөрү. Бул сары топ балыктардын тегеренип бийлеп турганын карасаң!



Мынакей суу астындагы аскаларды аралап, чоң ташбака сүзүп баратат.



Мен өздөрүнүн үйүн коргоп жаткан маскарапоз балыктарды сүрөткө тартып жатам. Маскарапоз балык деген күлкүлүү угулат бекен?




Балыктар асканы тегеренип жүрүшөт. Ой-ий! Мынабу сегиз буттун ыңгайлашып жашырынып алганын көрдүңбү? Ал түсүн өзгөртүп жиберди го!




Бул түркүн түстөгү балыктарды карасаң!

Асканын тегерегинде ар кандай түркүмдөгү балыктар сүзүп жүрүшөт.



Бул жерден балыктын канча түрүн көрүп жатасың?

Мен төрт түрүн көрдүм. Балким, сен көбүрөөк көрүп жүрбө?



Бул эң мыкты суучулду карачы! Мындай деңиз алпын манта скаты деп атап коюшат. Ал канаты бар унаага окшош. Сага да ошондой көрүнүп жатабы?



Биздин кычкылтегибиз түгөнө баштады. Кайыкка кайтып барар убакыт келди.



– Суу алдына эң сонун саякат болду! Кел үйгө барганда сүрөттөрдү жүктөп, деңиз жашоочуларын кайра дагы көрөлү!




Кандай гана кооз! Бул сүрөттөрдүн ар биринен деңиз алдындагы өсүмдүктөрдүн канча түрүн көрсө болот?




Бул биздин тааныган маскарапоз балыктар жана чаар куртпалык.

Бул кызыл-жашыл балыктын аталышы кандай болду экен?

Билип коюш керек.



Мынакей килейген сегиз бут жана тикендүү кораллдар. Биз акуланы да сүрөткө тартып алдык.



Ой-ий, бул ташбака менен манта скаты!

Кызык, бегемотко окшогон бул кайсы жаныбар болду экен?

Сен билип жүрбө?

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Хэлоу Инглиш
Сүрөтчү: Ражив Айпе
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли